Мага жар керек

Сөзү ,обону: Керим кызы Майра

Мага жар керек,

Өзөктү жалгай турган,

Жогумду камдай турган...

Тагдырым татаал жолдо,

Тар болсо тайбай турган.

Мага жар керек,

Берилип сүйүп турган,

Күн сымал тийип турган...

Аялдык көрсөтсөм да,

Ар дайым бийик турган.

Мага жар керек,

От болуп жалындаган,

Кеп айтсам таарынбаган...

Жагымсыз адаттардын,

Артынан салынбаган...

Мага жар керек,

Чалынбай тузактардан,

Чарбасын түз аткарган.

Алыс бол деп айтмакмын,

Узун тил ушактардан...

Мага жар керек,

Ыраак болуп кара жерден,

Ырыскы ала келген...

Ынтымак өмүр сүрүп,

Ыймандуу бала берген...

Мага жар керек,

Деп көңүл оолуктурду...

Купулум толуптурмун...

Жүрөктөн көксөгөндү,

Акыры жолуктурдум...